ОшМУнун математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун
Окумуштуулар кеңешинин кезектеги отурумунун

# №9 ПРОТОКОЛУ

*29-май, 2025-жыл.*

*Төрага:* Б.А. Азимов

*Окумуштуу катчы:* З.Ж. Мурзакматова

*Катышкандар*: Окумуштуулар кеңешинин 51 мүчөсүнөн 40 мүчөсү катышты.

**Күн тартиби:**

1. Институттагы тарбиялык иштердин жыйынтыктары (Баяндамачы: директордун тарбия иштери боюнча орун басары Алмазбек уулу Эрмамыт);

2. Институттун сырткы байланыштары боюнча аткарылган иштеринин абалы жана алдыдагы милдеттери (Баяндамачы: директордун сырткы байланыштар боюнча орун басары Пакал уулу Долонбек);

3. Ар түрдүү маселелер.

*УГУЛДУ:* кеңешменин төрагасы А.Б. Азимов күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды. Регламент боюнча 1-2-маселе боюнча баяндамачыларга 10 минутага чейин, ал эми чыгып сүйлөгөндөргө, талкууларга 3-5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдоого алынды.

**1-маселе.**

*УГУЛДУ:* Институттагы тарбиялык иштердин жыйынтыктары боюнча МФТИТ институтунун директорунун тарбия иштери боюнча орун басары Алмазбек уулу Эрмамыттын билдирүүсү угулду.

*ТАЛКУУ: А.О. Абдувалиев (КИИК кафедрасынын доценти):* отчет мазмундуу берилди, канааттандыраарлык деп баалаймын. Мамлекеттик символдор боюнча иш-чаралар өтүлөбү? Студенттер канчалык деңгээлде мамлекеттик символдорду билишет?

*Жооп. Алмазбек уулу Э. (КИИК кафедрасынын окутуучусу):* жакшы суроо бердиңиз агай, мамлекеттик символдорду биз даталуу күндөрдө белгилейбиз мисалы, 23-сентябрь “Мамлекеттик тил күнү”, 3-март “Туу күнүн”, 5-май “Кониститутция күнү” жана ар бир куратор кураторлук сааттарында да өтүшөт.

*М.Ш. Мамаюсупов (жогорку математика жана инновациялык технологиялар кафедрасынын доцентти):* бүгүнкү отчет канааттандыраарлык. Педагогикалык адистиктерде окуп жаткан студенттер айылдагы мугалим болуп иштеген ардагер ага-эжекелер менен жолугушуу өткөрүп турабы?

*Жооп. Алмазбек уулу Э. (КИИК кафедрасынын окутуучусу):* тилекке каршы андай иш-чаралар уюштурулбады.

*Г.М. Матиева (алгебра жана геометрия кафедрасынын профессору):* отчет жакшы, бирок университет тарабынан иш-чаралар берилет, ал иштер аткарылат. Андан сыркары биз билим берүүдөн мурун тарбия, адеп ахлак ж.б. маселелер боюнча тарбиялык сабак өтүшүбүз керек. Ар бир куратордун кураторлук пландарында тарбиялык маанидеги темалар көрсөтүлгөнбү? Андан кийин ачык сабактардын иш пландардын барбы? Учурда зордук-

зомбулук күчөп жатат, ал боюнча толук иштеп жатабызбы? Кафедранын тарбиялык иштеринин абалында көрсөтө алабы?

*Жооп. Алмазбек уулу Э. (КИИК кафедрасынын окутуучусу):* институтта күндүзгү бөлүмдө 99 тайпанын 99 куратору бар. Ар бир кураторлун иш пландары бар, кураторлук сааттар ар түрдүү форматта өтүлөт. Мисалы, КИИК кафедрасынын дцентти Г.Садыкова эжеке банкта иштөө, банктын талаптары, тартиби боюнча ачык сабак өттү.

*Г.М. Матиева (алгебра жана геометрия кафедрасынын профессору):* кураторлук сааттардын, ачык сабактардын өтүлүшү, аткарылышы боюнча кафедраларда канча жолу каралат? Бизге билим берүүдөн да тарбия берүү, тарбиялуу адам биринчи орунда.

*Г.М. Борбоева: (алгебра жана геометрия кафедрасынын профессору):* отчетту канааттандыраарлык деп тапсак болот, улуттук баалуулуктар боюнча уңгу жол Гимнге маани бербей жатабыз. Жаңы-Жыл, акыркы коңгуроо деген иш-чаралар боло берет. Кийинки окуу жылында нарк-наасил, улуттук баалуулуктарга, мамлекеттик символдорго көңүл бурсак.

*А.Ж. Кудуев (АССТ кафедрасынын башчысы, доцент):* биздин жатаканада канча студент жайгашкан? Кайсы адистиктен канча студент жашайт? Кайсы куратор жатканада кезметчиликте болгон эмес?

Бул маселе боюнча жогоруда белгиленген материалдардын, пикирлердин, баяндамада, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде МФТИТ институтунун Окумуштуулар кеңеши **ТОКТОМ** кылат:

1. МФТИТ институтунун тарбиялык иштери боюнча отчёту канааттандыраарлык деп табылсын.
2. Тарбиялык иштерди системалуу түрдө патриоттук, адеп-ахлактык, укуктук, экологиялык тарбия багытында иш-чараларды жүргүзүү колго алынсын. Аткаруу жагы кураторлорго милдеттендирилсин жана көзөмөлдөө жагы бүтүрүүчү кафедра башчыларга жүктөлсүн.
3. Студенттик кеңеш жана коомдук уюмдар менен тыгыз иш алып баруу күчөтүлсүн. Көзөмөлдөө жагы инситуттун тарбия иштери боюнча орун басарына жүктөлсүн.
4. Жатаканадагы кезметчилик көрсөтүлгөн жадыбал боюнча үзгүлтүксүз жүргүзүлсүн. Көзөмөлдөө жагы кафедра башчыларга жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышы МФТИТ институтунун директорунун тарбия иштери боюнча орун басарына жүктөлсүн.

**2-маселе.**

***УГУЛДУ:*** институттун сырткы байланыштары боюнча аткарылган иштеринин абалы жана алдыдагы милдеттери боюнча директордун сырткы байланыштар боюнча орун басары Пакал уулу Долонбектин отчету угулду.

***ТАЛКУУ:*** *У.А. Сопуев (жогорку математика жана инновациялык технологиялар кафедрасынын башчысы, доцент): Кытай, Өзбекстан менен келишимдер бар экен.* Казакстан республикасы ж.б. мамлекеттер менен да келишимдерди түзүү жактары каралуу керек.

*М.Ш. Мамаюсупов (жогорку математика жана инновациялык технологиялар кафедрасынын доцентти):* сыртка барып келгендер аябай көп экен жыйынтыгы кандай болду? Ошолордун жыйынтыктарын ж.б. чагылдырсаң болмок.

*А.Б. Азимов (кеңешменин төрагасы, доцент):* бир семестрге мобилдүүлүккө чыгып келишсе, ОшМУнун рейтингине чоң таасир этет. Биз да КМШга өзүбүздүн каражат менен

болсо да барып келдик, студенттер өздөрү иштеп контрактарын төлөп келишет. Учурда бизде Кытай республикасы менен биздин келишимдер жакшы жолго коюлуп жатат.

Бул маселе боюнча жогоруда кафедра башчыларынын билдирүүлөрүн эске алып, пикирлердин, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде МФТИТ институтунун Окумуштуулар кеңеши **ТОКТОМ кылат:**

1. МФТИТ институтунун директордун сырткы байланыштар боюнча орун басарынын отчету канааттандыраарлык деп табылсын.
2. Биргелешкен билим берүү программаларын көрсөтүлгөн эрежеге ылайык иш алып баруу күчөтүлсүн. Аткарылышын тиешелүү кафедра башчыларына жүктөлсүн.
3. Түзүлгөн эки тараптуу келишимдердин талапка ылайык ишке ашыруу күчөтүлсүн. Аткарылышы тиешелүү кафедра башчыларына милдеттендирилсин.
4. Окутуучулар менен студенттердин академиялык мобилдүүлүк механизмдерин кеңейтүү, алмашуу программаларынын санын көбөйтүү. Кафедра башчылары жана директордун сырткы байланыштар боюнча орун басарына жүктөлсүн.
5. Жалпы келишимдерди түзүү аркылуу өнөктөш университеттердин жана уюмдардын санын көбөйтүү (мисалы, Эразмус+, Мевлана, УШОС, ДААД, ОРХУН ж.б. стипендиялык программалар боюнча). Аткарылышын камсыздоо кафедра башчылары милдеттендирилсин.
6. Институтта көп тилдүү билим берүү программаларынын ишке ашыруу күчөтүлсүн. Кафедра башчылары жана программа жетекчилери милдеттендирилсин.
7. Сырткы байланыштарды чыңдоо жана мобилдүүлүктү күчөтүү максатында профессордук-окутуучулук курамга жана студенттерге чет тилдерин (англис, немец, түрк ж.б.) үйрөтүү курстарын уюштуруу колго алынсын. (Тиешелүү кафедра башчылары жана директордун сырткы байланыштар боюнча орун басары)
8. Жалпы көзөмөл директордун сырткы байланыштар боюнча орун басарына жүктөлсүн.

**Ар түрдүү маселелер.**

а) Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун математикалык анализ кафедрасынын доценти А.Б. Мурзабаева жана индустриалдык-педагогикалык колледжинин окутуучусу А.М. Аракеева тарабынан даярдалган "Математикалык анализ" 2-бөлүк (практикалык колдонмо) аттуу окуу колдонмосун басмага сунуштоо.

*УГУЛДУ: Б.А. Азимов (кеңешменин төрагасы, доцент):* математикалык анализ кафедрасынын доценти А.Б. Мурзабаева жана индустриалдык-педагогикалык колледжинин окутуучусу А.М. Аракеева тарабынан даярдалган "Математикалык анализ" 2-бөлүк (практикалык колдонмо) аттуу окуу колдонмосун басмага сунуштоо маселеси кафедра тарабынан келип түштү. Китептин авторлору да отурушат, андыктан А.Б. Мурзабаева сөз берели.

*А.Б. Мурзабаева (математикалык анализ кафедрасынын доценти):* бул окуу колдонмо математикалык анализ предметин окуган бардык багыттагы 1-курстун студентери үчүн пайдалуу комплекстүү колдонмо. Студенттер маселелерди чыгарууда өз алдынча ыкмаларды колдонуп, мисалдарды чыгаруу көндүмдөрүнө ээ болот. Өзүңүздөргө белгилүү болгондой буга чейин окуу колдонмонун 1-бөлүгү жарыкка чыккан. Сизлерден бул окуу колдонмонун 2-бөлүгүн да басмадан чыгарууну колдоп берүүңүздөрдү суранам.

Окумуштуулар кеңешинин 40 мүчөсү катышып, добуш берди.
"МАКУЛ" – 40, "КАРШЫ" – жок, "КАЛЫС" – жок.

Окумуштуулар кеңешинин бардык мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту жана ЧЕЧИМ кылды:

1. Математикалык анализ кафедрасынын доцентти А.Б. Мурзабаева жана индустриалдык-педагогикалык колледжинин окутуучусу А.М. Аракеева тарабынан даярдалган "Математикалык анализ" 2-бөлүк (практикалык колдонмо) аттуу окуу колдонмосун басмага сунуштоо ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

б) Ош мамлекеттик университетинин математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун колдонмо информатика жана информациялык коопсуздук кафедрасынын улук окутуучусу Нуранов Бактыбек Шермаматовичти Кыргыз Республикасынын илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин билим берүүнүн мыктысы төш белгиси наамына сунуштоо жөнүндө.

УГУЛДУ: колдонмо информатика жана информациялык коопсуздук кафедрасынын улук окутуучусу Нуранов Бактыбек Шермаматовичтин илимий-педагогикалык ишмердүүлүгү боюнча отчету угулду.

*УГУЛДУ: Б.А. Азимов (кеңешменин төрагасы, доцент):* колдонмо информатика жана информациялык коопсуздук кафедрасынын улук окутуучусу Б.Ш. Нуранов 2021-жылдан бери ОшМУнун аспирантурасынын сырттан окуу бөлүмүндө 01.01.02 - «Дифференциалдык теңдемелер» адистиги боюнча ф.-м.и.д., профессор А.С. Сопуевдин жетекчилиги астында "Үчүнчү тартиптеги аралаш парабола-гиперболалык теңдеме үчүн чек аралык маселелер" деген темада илимий изилдөө ишин жүргүзүүдө. Анын 10 илимий макаласы басмадан чыккан жана илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыктары эл аралык илимий-теориялык конференцияларда жана илимий-усулдук семинарларында баяндалып, талкууланган.

Б.Ш. Нуранов 2013-жылдын 11-сентябрында Ош мамлекеттик универсиитенин "Компьютердик борбор" окуу лабораториясынын директору болуп дайындалган.

Бүгүнкү күндө Нуранов Бактыбек "Компьютердик борбор" окуу лабораториясын мыкты жетектеп, билим берүү системасында институттун жана университеттик деңгээлде окуу процессин уюштурууга активдүү катышып, окуу процессин автоматташтыруу, билим берүүнүн эки баскычтуу системасына өтүү жана окутуунун кредиттик технологиясы боюнча маселелерди чечүүдө өзүнүн активдүүлүгүн көрсөтүп келүүдө. Студенттердин жана профессордук-окутуучулук курамдын арасында өзүнчө кадыр баркка ээ. Агайдын үзүрлүү эмгегин, ОшМУга, институтубузга кошкон салымдарын эске алуу менен Нуранов Бактыбек Шермаматовичти Кыргыз Республикасынын илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин билим берүүнүн мыктысы төш белгиси наамын алууга татыктуу деп эсептеп, агайды бул наамга сунуштайм жана сиздер да колдоп берүүнүздөрдү суранам.

*А.О. Абдувалиев (КИИК кафедрасынын доценти):* мен Нуранов Бактыбек Шермаматовичти студент кезинен бери тааныйм, сабакты мыкты билген студент болчу. Ал илимий-изилдөө иштерин да жүргүзүп келүүдө, макалалары чет өлкөнүн, Россиянын, Кыргызстандын басылмаларынан жарык көргөн. Мыкты жетекчи, усулчу, мыкты инсан катары жакшы билебиз. ОшМУ, институт үчүн бир топ ийгиликтүү иштерди жасап жатат. Мен да жогорудагы сунушту колдойм жана Нуранов Бактыбек Шермаматовичти аталган наамды алууга толук татыктуу деп эсептейм жана колдойм. Сиздер да колдоп бересиздер деп ишенем.

*М.Ш. Мамаюсупов (жогорку математика жана инновациялык технологиялар кафедрасынын доцентти):* мен жогорудагы айтылган пикирлерге толук кошулам. Нуранов Бактыбек Шермаматовичти жакшы билбебиз, институтта көп жылдан бери иштеп, жаштарга кеп-кеңешин берип келет. Бир топ илимий эмгектери бар. Азыр да университет, институт үчүн бир топ алгылыктуу иштерди жасап жатат. Нуранов Бактыбек Шермаматовичти аталган наамды алууга толук татыктуу деп эсептейм жана колдойм.

Окумуштуулар кеңешинин бардык мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту жана **ЧЕЧИМ** кылды:

1. Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун колдонмо информатика жана информациялык коопсуздук кафедрасынын улук окутуучусу Нуранов Бактыбек Шермаматовичти Кыргыз Республикасынын илим, жогорку билим берүү жана

инновациялар министрлигинин билим берүүнүн мыктысы төш белгиси наамын алууга сунушталсын.

2. Институттун бул сунушун колдоп берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

| | |
|---|---|
| Окумуштуулар кеңешинин төрагасы | Б.А. Азимов |
| Окумуштуу катчы | З.Ж. Мурзакматова |